Ыбрайым

БАШТАЛЫШ 10:25; 11:10

ТЕРАХ ЖЕТИМИШ ЖАШКА ЧЫККАНДА, АНДАН ЫБРАМ, НАХОР ЖАНА АРАН ТӨРӨЛДҮ.
ЫБРАМ ТУУГАНДАРЫНЫН БИРИ САРАНЫ АЯЛДЫККА АЛДЫ.
КАНААН ЖЕРИНЕ БАРУУ ҮЧҮН, ТЕРАХ ӨЗ УУЛУ ЫБРАМДЫ, ЫБРАМДЫН АЯЛЫ, КЕЛИНИ САРАНЫ АЛЫП, КАЗДИМДЕРДИН УР ШААРЫНАН ЧЫКТЫ.
АЛ ОШОНДОЙ ЭЛЕ, АРАНДЫН УУЛУ, НЕБЕРЕСИ ЛОТТУ ДА ЖАНЫНА АЛДЫ. АРАН КАЗА БОЛУП КАЛГАН ЭЛЕ.
ТЕРАХ ҮЙ-БҮЛӨСҮ МЕНЕН ХАРАНГА БАРЫП, ОШОЛ ЖЕРДЕ ТУРУП КАЛЫШТЫ.
АЛ ЖЕРДЕН МАЛДАРЫН АЛЫП, ЧӨЛ АРКЫЛУУ ХАНААН ЖЕРИНЕ БАРУУ ОҢОЙ БОЛМОК.

БАШТАЛЫШ 12:1-3



БАШТАЛЫШ 12:4-9

БАШТАЛЫШ 12:10-15

БАШТАЛЫШ 12:16-17

БАШТАЛЫШ 12:18-13:4

БАШТАЛЫШ 13:5-18

ТҮШҮМҮ МОЛ ЖЕРТООМУНУН ТУРГУНДАРЫНЫН АРАСЫНДА БАТ-БАТТАН СОГУШТАР БОЛУП ТУРЧУ. АНТКЕНИ АР БИР ШААРДЫН ПАДЫШАСЫ БАШКАЛАРДАН ӨТКӨН БАЙ ЖАНА КҮЧТҮҮ БОЛГУСУ КЕЛЧҮ.
УШУНДАЙ СОГУШТАРДЫН БИРИ СОДОМ МЕНЕН ГОМОРРА ЖЕРГЕСИН АЧКАЧЫЛЫК ЖАНА КУЛЧУЛУККА АЛЫП КЕЛДИ. АЛ ЖЕРДЕ ЛОТТУН ҮЙ-БҮЛӨСҮ ЖАШАЧУ.
КАРАСАҢЫЗ, ТӨРӨМ! ЛОТТУН МАЛЧЫЛАРЫНЫН БИРИ КАЙРА КАЙТЫП КЕЛДИ.
КАРАСАҢЫЗ, ТӨРӨМ! ЛОТТУН МАЛЧЫЛАРЫНЫН БИРИ КАЙРА КАЙТЫП КЕЛДИ.
СОГУШ ЧЫГЫП, ТӨРТ ПАДЫША БЕШӨӨНӨ КАРШЫ ЧЫГЫШТЫ. СОАР ӨРӨӨНҮНДӨ ЧАЙЫР ЧУҢКУРЛАРЫ КӨП ЭЛЕ, КӨБҮ АЛАРГА ТҮШҮП КЕТИШТИ. ЛОТТУ МАЛ-МҮЛКҮ МЕНЕН КОШО ТУТКУНГА АЛЫП КЕТИШТИ.
ИЧКЕНГЕ СУУ БЕРГИЛЕ. ЭС АЛГАН СОҢ АЛ БИЗГЕ ЖОЛ КӨРСӨТҮП БЕРСИН.
СОГУШКА ЖАРАЙ ТУРГАН ЭРКЕКТЕРДИН БААРЫН ЧОГУЛТКУЛА! АКЫРКЫ ЭСЕП МЕНЕН АЛАРДЫН САНЫ 318 БОЛЧУ. ШЕРИКТЕШТЕРИМ ЭШКОЛ МЕНЕН АНЕЙИР ЖАНА АМОРЛУК МАМРИЙГЕ КАБАР БЕРГИЛЕ, БИЗГЕ КОШУЛУШСУН.
ИНИМ ЛОТТУ ЖАНА АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮН КУТКАРУУГА АЗЫР ЧЫГАБЫЗ.
КААЛАГАНЫҢЫЗ ДАЙ, ЫБРАЙЫМ ТӨРӨМ.

КАБАР АЛЫП КЕЛГЕН АДАМДАРДЫН БИРИНЕН ПАДЫШАЛАР ШАБЕЙ ӨРӨӨНҮНДӨ ӨРГҮҮ АЛЫП ЖАТКАНЫН УКТУМ. ЛОТТУН ҮЙ-БҮЛӨСҮ АЛАР МЕНЕН БОЛУШ КЕРЕК.
ЭҢ ЖАКШЫ, АЛ ЖЕР ПАДЫШАЛАРДЫН ӨРӨӨНҮ. БИЗ ЭКИГЕ БӨЛҮНҮП КАПЫСЫНАН, АЛАР КҮТПӨЙ ТУРГАНДА ТҮН ИЧИНДЕ БАСЫП КИРЕБИЗ.
ИИЯЯХ!!
БАЙКЕМ БИЗДИ КУТКАРГАНЫ КЕЛДИ!
БУЛ ШАЛЕМДИН ПАДЫШАСЫ - МАЛКИ-СЕДЕК. АНЫ МЕНЕН КОШО СОДОМДУН ПАДЫШАСЫ КЕЛЕ ЖАТАТ.

БАШТАЛЫШ 14:18-22

КОРКПОГУН, ЫБРАМ, МЕН СЕНИН КАЛКАНЫҢМЫН, СЕНИН СЫЙЛЫГЫҢ АБДАН ЧОҢ.
О, ЭГЕДЕР ТЕҢИРИМ! МАГА СЕН ЭМНЕ БЕРЕСИҢ? САРА ЭКӨӨБҮЗ БАЛАСЫЗ ӨТҮП БАРА ЖАТАБЫЗ.
СЕН МАГА ТУКУМ БЕРБЕЙМ ДЕП ЧЕЧСЕҢ, АНДА ҮЙҮМДӨГҮ АДАМ МЕНИН МУРАСКОРУМ БОЛОТ.
ТЫШКА ЧЫГЫП….БУЛ ЖАККА КЕЛ.
АЛ СЕНИН МУРАСКОРУҢ БОЛБОЙТ, СЕНИН МУРАСКОРУҢ ӨЗҮҢДӨН ЧЫККАН БАЛАҢ БОЛОТ.
АСМАНДЫ КАРАЧЫ, ЭГЕРДЕ ЖЫЛДЫЗДАРДЫ САНАЙ АЛСАҢ, САНАП ЧЫК.
СЕНИН ТУКУМУҢ ОШОНЧО БОЛОТ.
ЫБРАМ ТЕҢИРГЕ ИШЕНДИ. ТЕҢИР АНЫН ИШЕНИМИН АГА АДИЛДИК КАТАРЫ ЭСЕПТЕДИ.
ЭГЕДЕР ТЕҢИРИМ! МЕН БУЛ ЖЕРГЕ ЭЭ БОЛОРУМДУ ЭМНЕДЕН БИЛЕМ?
МАГА ҮЧ ЖЫЛДЫК КУНАЖЫН, ҮЧ ЖЫЛДЫК ЭЧКИ, ҮЧ ЖЫЛДЫК КОЧКОР, БАКТЕК ЖАНА ЖАШ КӨГҮЧКӨН АЛЫП КЕЛ.

БАШТАЛЫШ 15:10 - 13

БАШТАЛЫШ 15:14 - 21

БАЛАЛУУ БОЛГУМ КЕЛИП ЖАТАТ.
КУДАЙ ЭМЕСМИН ДА. СЕН АДАМДЫН ЭМЕС, КУДАЙДЫН КОЛУНДА ГАНА БОЛГОН НЕРСЕНИ СУРАП ЖАТАСЫҢ.
ТЕҢИР МЕНИ ТӨРӨБӨС КЫЛЫП КОЙДУ. МЕНИН КҮҢҮМ АЖАРДЫН ҮСТҮНӨ КИР, БАЛКИМ, МЕН АНДАН БАЛАЛУУ БОЛОРМУН.
ЧЫН ЭЛЕ АЙТЫП ЖАТАСЫҢБЫ?
ООБА.

БАШТАЛЫШ 16:4-6

БАШТАЛЫШ 16:7-16

БАШТАЛЫШ 17:1-14

АЯЛЫҢ САРАНЫ САРА ДЕБЕ, АНЫН АТЫ СААРА БОЛОТ.
МЕН АГА БАТАМДЫ БЕРЕМ. АНДАН САГА УУЛ БЕРЕМ. СААРАГА БАТАМДЫ БЕРЕМ, АНДАН ЭЛДЕР, ЭЛДЕРДИН ПАДЫШАЛАРЫ ЧЫГАТ.
КАНТИП ЭЛЕ ЖҮЗГӨ ЧЫККАН АДАМДАН УУЛ ТӨРӨЛСҮН? ТОКСОН ЖАШТАГЫ СААРА КАНТИП ЭЛЕ ТӨРӨСҮН?
О, СЕНИН АЛДЫҢДА ЫСМАЙЫЛ ЭЛЕ ТИРҮҮ ЖҮРСӨ ЭКЕН!
САГА АЯЛЫҢ СААРА ӨЗҮ УУЛ ТӨРӨП БЕРЕТ. СЕН АГА ЫСКАК ДЕГЕН АТ КОЁСУҢ. МЕН АНЫ МЕНЕН ЖАНА АНЫН КИЙИНКИ УКУМ-ТУКУМУ МЕНЕН ТҮБӨЛҮКТҮҮ КЕЛИШИМ ТҮЗӨМ.
МЕН СЕНИН ЫСМАЙЫЛ ЖӨНҮНДӨ АЙТКАНЫҢДЫ ДА УКТУМ. ЭМИ МЕН АГА БАТАМДЫ БЕРИП, АНЫ КАЙРЫП КЕЛЕМ ДА, АБДАН КӨП КЫЛЫП КӨБӨЙТӨМ. АНДАН ОН ЭКИ УРУУ БАШЧЫСЫ ТӨРӨЛӨТ. МЕН АНДАН УЛУУ ЭЛ ЧЫГАРАМ.
БИРОК МЕН КЕЛИШИМИМДИ КЕЛЕРКИ ЖЫЛЫ УШУЛ МААЛДА СААРА САГА ТӨРӨП БЕРЕ ТУРГАН ЫСКАК МЕНЕН ТҮЗӨМ.

КУДАЙДЫН БУЙРУГУ БОЮНЧА, ЫСМАЙЫЛ ГАНА ЭМЕС, ҮЙҮМДӨ ТӨРӨЛГӨНДӨР, КҮМҮШҮМӨ САТЫП АЛГАНДАР, БУЛ ҮЙДӨГҮ ЭРКЕК АТТУУЛАРДЫН БААРЫ ДАЛ УШУЛ КҮНҮ СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУЛСУН.
БАШТАЛЫШ 17:15-27

ЭГЕДЕРИМ! ЭГЕРДЕ МЕН СЕНИН КӨЗ АЛДЫҢДА ЫРАЙЫМ ТАПКАН БОЛСОМ, КУЛУҢДУН ЖАНЫНАН КЫЯ ӨТПӨ.
МЕН ТАМАК-АШ АЛЫП КЕЛЕЙИН, КУБАТТАНЫП АЛЫП АНАН ЖОЛГО ЧЫККЫЛА.
АЙТКАНЫҢДАЙ КЫЛ.
БОЛ ТЕЗИРЭЭК, ЭҢ ЖАКШЫ УНДАН ҮЧ САТА КАМЫР ЖУУРУЙ САЛЫП, АЧЫТКЫСЫЗ НАН ЖАСА
АНДАН КӨРӨ БУЛ ЖАШ МУЗООНУ АЛЫП, ЖАКШЫЛАП ТАМАК ЖАСАГЫЛА.

АЯЛЫҢ САARA КАЙДА?
УШУЛ ЖЕРДЕ, ЧАТЫРДА
МЕН КЕЛЕРКИ ЖЫЛЫ УШУЛ ЭЛЕ УБАКТА СЕНИКИНДЕ БОЛОМ, ОШОНДО АЯЛЫҢ СААРА УУЛДУУ БОЛОТ.
КАРТАЙЫП КАЛГАНДА, МАГА УШУНДАЙ СООРОНУЧ БОЛМОК БЕЛЕ? МЫРЗАМ ДА КАРЫ.
“КАРТАЙЫП КАЛГАНЫМДА КАНТИП ЭЛЕ ТӨРӨЙҮН?” – ДЕП, СААРА ЭМНЕ ҮЧҮН КҮЛДҮ?
ТЕҢИР ҮЧҮН КЫЙЫН НЕРСЕ БАРБЫ?
КЕЛЕРКИ ЖЫЛЫ АЙТЫЛГАН МӨӨНӨТТӨ МЕН СЕНИКИНДЕ БОЛОМ, ОШОНДО СААРА УУЛДУУ БОЛОТ.
МЕН КҮЛГӨН ЖОКМУН.
ЖОК, СЕН КҮЛДҮҢ.
БИЗ ЭМИ БАРАЛЫ.
МЕН СИЛЕРДИ УЗАТЫП КОЕЮН. СИЛЕР СОДОМ ЖАККА БАРА ЖАТКАН ЭКЕНСИҢЕР.

БАШТАЛЫШ 18:16-26

БАШТАЛЫШ 18:27-33

МЫРЗАЛАРЫМ! КУЛУҢАРДЫН ҮЙҮНӨ КИРИП, ТҮНӨП КЕТКИЛЕ, БУТУҢАРДЫ ЖУУП АЛГЫЛА, ЭРТЕҢ МЕНЕН ТУРУП, ЖОЛУҢАРДЫ УЛАНТАСЫҢАР.
ЖОК, БИЗ КӨЧӨГӨ ТҮНӨЙБҮЗ.
ЖОК, БИЗДИН ҮЙГӨ БАРЫП КОНОК БОЛУП КЕТИҢИЗДЕР.
АЛЫСТАН КЕЛГЕН КОНОКТОРУБУЗ БАР. ТЕЗИРЭЭК ТАМАК ЖАСАП ЖИБЕРЧИ.
ТЫК ТЫК
САГА ТҮНӨККӨ КЕЛГЕН КИШИЛЕР КАЙДА?
АЛАРДЫ БИЗГЕ ЧЫГАРЫП БЕР. БИЗ АЛАРГА ЖАКЫНДАЙБЫЗ!
ХАХХАХ. БИЗ АЛАРДЫ КҮТҮП АЛУУГА ДАЯРБЫЗ!

БАШТАЛЫШ 19:6-11

БАШТАЛЫШ 19:12-14

ШАШЫЛГЫЛА! ТАҢ АТЫП БАРА ЖАТАТ.
БОЛГУЛА!
ӨЗ ЖАНЫҢДЫ САКТА, АРТЫҢА КЫЛЧАЙЫП КАРАБА, БУЛ ТЕГЕРЕКТИН ЭЧ ЖЕРИНЕ ТОКТОБО, ӨЛҮП КАЛБАШЫҢ ҮЧҮН, ТООГО КАЧ.
ӨЗ ЖАНЫҢДЫ САКТА, АРТЫҢА КЫЛЧАЙЫП КАРАБА, БУЛ ТЕГЕРЕКТИН ЭЧ ЖЕРИНЕ ТОКТОБО, ӨЛҮП КАЛБАШЫҢ ҮЧҮН, ТООГО КАЧ.
КАЧЫП БАРУУГА МЫНА БУЛ ШААР ЖАКЫН, АЛ ЧАКАН ШААР ЭМЕСПИ. ОШОЛ ЖАККА КАЧАЙЫН, ЧАКАН ШААР ЭМЕСПИ. АМАН КАЛАМ.
МАКУЛ, СЕНИН КААЛООҢ БОЮНЧА МЕН СЕН АЙТКАН ШААРДЫ КЫЙРАТПАЙЫН.
БОЛГУЛА ЭМИ ЧУРКАГЫЛА, ТИГИ ШААРГА БАТЫРААК ЖЕТЕЛИ. ОШОНДО ПЕРИШТЕЛЕР АЙТКАНДАЙ КУДАЙДЫН КААРЫНАН АМАН КАЛАБЫЗ.

БУЛ ШААРДАН АДИЛ БОЛГОН ОН АДАМДЫ ТАППАГАНДЫКТАН, ТЕҢИР АСМАНДАН БОЛГОН КҮКҮРТ МЕНЕН ОТТУ ЖАМГЫР КЫЛЫП ТӨКТҮ.

БАШТАЛЫШ 19:24-25

БАТЫРААК БОЛ, АРТЫҢДЫ КЫЛЧАЙЫП КАРАБА!
БИРОК ЛОТТУН АЯЛЫ КЫЛЧАЙЫП АРТЫН КАРАДЫ ЭЛЕ, ТУЗ МАМЫЧА БОЛУП КАЛДЫ.
КУДАЙ БУЛ ТЕГЕРЕКТЕГИ ШААРЛАРДЫ КЫЙРАТЫП ЖАТЫП, ЫБРАЙЫМДЫ ЭСТЕДИ ДА, ЛОТ ЖАШАГАН ШААРЛАРДЫ КЫЙРАТЫП ЖАТКАНДА, АЛ ЖЕРДЕН ЛОТТУ АЛЫП ЧЫКТЫ.

ЛОТ СОАРДАН ЧЫГЫП, ЭКИ КЫЗЫ МЕНЕН БИРГЕ ТООДО ЖАШАП КАЛДЫ, АНТКЕНИ АЛ СОАРДА ЖАШАГАНДАН КОРКТУ.
БАЛКИМ, АЛ ШААРЛАРДЫН, ӨРӨӨНДӨРДҮН КЫЙРАШЫНА АНЫ КҮНӨӨЛӨЙТ ДЕП КОРКТУ ЖЕ АЛ БАРГАН ШААР ДА КЫЙРООГО УЧУРАЙТ ДЕП ОЙЛОГОНДУР.
СОДОМ МЕНЕН ГОМОРРАНЫН ТУРГУНДАРЫНЫН ОЮ УШУНЧАЛЫК БУЗУЛГАНДЫКТАН, ЛОТТУН КЫЗДАРЫ ЫПЛАС ИШКЕ БАРУУНУ ОЙЛОШТУ.
БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН САЛТЫ БОЮНЧА ЖЕР ҮСТҮНДӨ БИЗГЕ ЖАКЫНДАЙ ТУРГАН АДАМ ЖОК.
ОШОНДУКТАН АТАБЫЗДЫ ШАРАПКА ТОЙГУЗУП, АНЫ МЕНЕН БҮГҮН МЕН ЖАТАЙЫН.
ОШОНДУКТАН АТАБЫЗДЫ ШАРАПКА ТОЙГУЗУП, АНЫ МЕНЕН БҮГҮН МЕН ЖАТАЙЫН.
АТАСЫ БОЛСО АНЫН КАЧАН ЖАТЫП, КАЧАН ТУРУП КЕТКЕНИН БИЛГЕН ЖОК. АНТКЕНИ АЛ АБДАН МАС БОЛЧУ.
АТАСЫ БОЛСО АНЫН КАЧАН ЖАТЫП, КАЧАН ТУРУП КЕТКЕНИН БИЛГЕН ЖОК. АНТКЕНИ АЛ АБДАН МАС БОЛЧУ.

АЛ ОРТОДО ЫБРАЙЫМ БАШКА АЙМАККА КӨЧТҮ...
БУЛ АЯЛ СУЛУУ ЭКЕН.
БУЛ МЕНИН КАРЫНДАШЫМ.
ЫБРАЙЫМ ПЕЛИШТИЛИКТЕРДИН ЖЕРИНЕН ӨТҮП БАРА ЖАТКАНДА КУДАЙГА ИШЕНҮҮНҮН ОРДУНА КАЙРАДАН ЖАЛГАН АЙТУУНУ ТАНДАДЫ. АЛ ЖЕРДИН ПАДЫШАСЫ АБЫ-МЕЛЕК ЭЛЕ.
ЭМИ СЕН АЛГАН БУЛ АЯЛ ҮЧҮН ӨЛӨСҮҢ, АНТКЕНИ АНЫН КҮЙӨӨСҮ БАР.
СЕН МУНУ ТАЗА ЖҮРӨК МЕНЕН КЫЛГАНЫҢДЫ МЕН БИЛЕМИН, БИРОК АЯЛДЫ КҮЙӨӨСҮНӨ АЗЫР ЭЛЕ КАЙТАРЫП БЕР, АНТКЕНИ АЛ – ПАЙГАМБАР.
ЭГЕРДЕ КАЙТАРЫП БЕРБЕСЕҢ, СЕН БАРДЫК АДАМДАРЫҢ МЕНЕН КОШО ӨЛӨСҮҢ.
ЭМНЕ ҮЧҮН СЕН БИЗГЕ МЫНДАЙ КЫЛДЫҢ? МАГА ЖАНА МЕНИН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫМА ЧОҢ КҮНӨӨ КЕЛТИРГЕНДЕЙ, САГА ЭМНЕ КҮНӨӨ КЫЛДЫМ ЭЛЕ?
БУЛ ЖЕРДЕ КУДАЙДАН КОРКУУ ЖОК БОЛГОНДУКТАН, МЕНИ АЯЛЫМДЫН АЙЫНАН ӨЛТҮРҮП КОЮШАТ ДЕП ОЙЛОДУМ.
АЛ, ЧЫН ЭЛЕ, МЕНИН КАРЫНДАШЫМ. ЭКӨӨБҮЗ АТАЛАШ БИР ТУУГАНБЫЗ, ЭНЕБИЗ БАШКА.
ЫБРАЙЫМ, МЫНА, МАЛ, КУЛДАРДЫ БЕРДИМ, МЕНИН ЖЕРИМ СЕНИН АЛДЫҢДА. КААЛАГАН ЖЕРИҢДЕ ЖАША.
МЫНА, МЕН БИР ТУУГАН АГАҢА МИҢ КҮМҮШ ШЕКЕЛ БЕРДИМ. БУЛ СЕНИН БҮТ ЭЛДИН АЛДЫНДА АК ЭКЕНИҢДИ БИЛДИРЕТ.
ЭМИ МАГА ЖАНА ҮЙҮМӨ СЫЙЫНЫП КОЙГУЛА. АНТКЕНИ ТЕҢИР ҮЙҮМДӨГҮ БАРДЫК АЯЛДАРДЫ ТӨРӨБӨС КЫЛЫП САЛДЫ.

ЫҢАА- ЫҢАА!
КУДАЙ-ТЕҢИР СААРАГА БЕРГЕН УБАДАСЫН АТКАРДЫ.
ТӨРӨМ, УУЛДУУ БОЛДУҢУЗ.
УУЛУМДУН АТЫ ЫСКАК БОЛОТ. АЛ БИЗДИН ЖАШООБУЗГА КҮЛКҮ АЛЫП КЕЛДИ.
КУДАЙ МЕНИ КҮЛКҮ КЫЛДЫ. МЕН ЖӨНҮНДӨ КИМ УКСА ДА, КҮЛӨТ ГО!
СААРА УШУЛ ЖАШКА ЧЫГЫП БАЛА ЭМИЗЕТ", – ДЕП КИМ АЙТА АЛАР ЭЛЕ?
КУДАЙ УБАДАЛАДЫ…ЖАНА АЛ УБАДАСЫН АТКАРДЫ.
КИМ ОЙЛОПТУР БУЛ МҮМКҮН ДЕП?
ЫБРАЙЫМДЫН КУДАЙЫ ЧЫНЫГЫ КУДАЙ ЭКЕН.

УБАДА КЫЛЫНГАН УУЛ ЧОҢОЮП ЖАТТЫ. АЛ ОРТОДО ҮЙДӨ ЖАҢЫ КӨЙГӨЙ ЖАРАЛДЫ.
КААЛАШЫҢАРЧА ИЧИП-ЖЕГИЛЕ! БҮГҮНТӨН БАШТАП УУЛУМ ЫСКАК ЭНЕСИНЕ КӨЗ КАРАНДЫ БОЛБОЙ, ЭМИ ӨЗҮ ТАМАК ЖЕЙТ!
УУЛУМ ДЕЧИ. А МЕНИН УУЛУМДУ УНУТТУҢБУ?
СЕН КАНДАЙ БАЛАСЫҢ? ЧУРКАЙ АЛБАЙСЫҢ ЖА АҢЧЫЛЫККА ЧЫГА АЛБАЙСЫҢ. БОЛГОНУ УШУЛ ЧАТЫРДЫН АЙЛАНАСЫНДА ЭНЕҢДИН ЖАНЫНДА ЭЛЕ ЖҮРӨСҮҢ!
БУЛ КҮҢДҮ УУЛУ МЕНЕН КОШО КУУП ЧЫК, АНТКЕНИ АНЫН УУЛУ МЕНИН УУЛУМ ЫСКАК МЕНЕН БИРГЕ МУРАСКОР БОЛБОЙТ.
БИРОК АЛ ДАГЫ МЕНИН БАЛАМ ДА…
ЖОК! АЛ ЭЧ КАЧАН ЫСКАК МЕНЕН МУРАС БӨЛҮШПӨЙТ.
ЫСМАЙЫЛ ЖӨНҮНДӨ АЙТЫЛГАН БУЛ СӨЗ ЫБРАЙЫМГА КАТУУ ТИЙДИ. АЛ БУЛ ООР СУРООГО ЖООП ИЗДЕП КУДАЙГА КАЙРЫЛДЫ.
УУЛУҢ МЕНЕН КҮҢҮҢ ҮЧҮН КАЙГЫРБА. МЕН АЛАР ҮЧҮН КАМ КӨРӨМ.
СААРАНЫН АЙТКАНЫНЫН БААРЫН КЫЛ, АНЫН ТИЛИН АЛ, АНТКЕНИ СЕНИН ТУКУМУҢ ЫСКАКТАН ТАРАЙТ.
КҮҢҮҢДҮН УУЛУНАН ДА МЕН ЭЛ ЖАРАТАМ, АНТКЕНИ АЛ СЕНИН УУЛУҢ.

ЫБРАЙЫМ ЭРТЕҢ МЕНЕН ЭРТЕ ТУРУП, ТАМАК-АШЫН АЖАРДЫН ИЙНИНЕ АРТЫП, АНЫ БАЛАСЫ МЕНЕН КОЁ БЕРДИ.
ЫБРАЙЫМ ЭРТЕҢ МЕНЕН ЭРТЕ ТУРУП, ТАМАК-АШЫН АЖАРДЫН ИЙНИНЕ АРТЫП, АНЫ БАЛАСЫ МЕНЕН КОЁ БЕРДИ.
ЫБРАЙЫМ ЭРТЕҢ МЕНЕН ЭРТЕ ТУРУП, ТАМАК-АШЫН АЖАРДЫН ИЙНИНЕ АРТЫП, АНЫ БАЛАСЫ МЕНЕН КОЁ БЕРДИ.
КОРКПО, КУДАЙ БАЛАНЫН ҮНҮН ЖАТКАН ЖЕРИНЕН УКТУ.
ОРДУҢАН ТУРУП, БАЛАНЫ ТУРГУЗУП, КОЛУНАН АЛ, АНТКЕНИ МЕН АНДАН УЛУУ ЭЛ ЧЫГАРАМ.
КУДАЙ АЖАРДЫН КӨЗҮН АЧТЫ, ОШОНДО АЛ СУУСУ БАР КУДУКТУ КӨРДҮ. АНАН АЛ БАРЫП, ЧАНАЧКА ТОЛТУРА СУУ АЛЫП КЕЛИП, БАЛАГА ИЧИРДИ.
КУДАЙ АЖАРДЫН КӨЗҮН АЧТЫ, ОШОНДО АЛ СУУСУ БАР КУДУКТУ КӨРДҮ. АНАН АЛ БАРЫП, ЧАНАЧКА ТОЛТУРА СУУ АЛЫП КЕЛИП, БАЛАГА ИЧИРДИ.



БАШТАЛЫШ 21:22-34

УШУЛ ОКУЯЛАРДАН КИЙИН, КУДАЙ ЫБРАЙЫМДЫН ТИЛ АЛЧААКТЫГЫН СЫНАДЫ.
ЫБРАЙЫМ!
МЕН УГУП ЖАТАМ.

ЖАКШЫ КӨРГӨН ЖАЛГЫЗ УУЛУҢ ЫСКАКТЫ АЛЫП, МОРИА ЖЕРГЕСИНЕ БАР.
МЕН САГА АЛ ЖЕРДЕГИ ТООЛОРДУН БИРИН АЙТАМ, ОШОЛ ЖЕРДЕ АНЫ БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫККА ЧАЛ.

ЫБРАЙЫМ ЭРТЕҢ МЕНЕН ЭРТЕ ТУРУП, ЭШЕГИН ТОКУП, ӨЗҮ МЕНЕН КОШО МАЛАЙ БАЛДАРЫНАН ЭКӨӨНҮ ЖАНА УУЛУ ЫСКАКТЫ АЛЫП, ЖОЛГО ЧЫКТЫ.
БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫК ҮЧҮН ОТУН ЖАРЫП АЛЫП, КУДАЙ АЙТКАН ЖЕРГЕ БАРДЫ.

ҮЧҮНЧҮ КҮНҮ ЫБРАЙЫМ КӨЗ ЧАПТЫРЫП, АЛЫСТАН АЛ ЖЕРДИ КӨРДҮ.
СИЛЕР БУЛ ЖЕРДЕ ЭШЕК МЕНЕН КАЛГЫЛА. АЛ ЭМИ УУЛУМ ЭКӨӨБҮЗ ТИГИЛ ЖАККА БАРЫП КЕЛЕЛИ.
БИЗ СЫЙЫНЫП, АНАН СИЛЕРГЕ КАЙТЫП КЕЛЕБИЗ.
ЫБРАЙЫМ БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫККА ДАЙЫНДАЛГАН ОТУНДУ УУЛУ ЫСКАКТЫН ЖОНУНА АРТТЫ.
ӨЗҮ КОЛУНА ОТ МЕНЕН БЫЧАК АЛДЫ.
АТАКЕ?
МЕН УГУП ЖАТАМ, УУЛУМ?
ОТ МЕНЕН ОТУН МЫНА, АЛ ЭМИ БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫККА ЧАЛЫНУУЧУ КОЗУ КАНА?
УУЛУМ, КУДАЙ ӨЗҮНӨ ЧАЛЫНУУЧУ БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫККА КОЗУНУ ӨЗҮ КАРАШТЫРАТ.

БАШТАЛЫШ 22:9

БАШТАЛЫШ 22:10



БАШТАЛЫШ 22:11-14

“ӨЗҮҢДҮН ЖАЛГЫЗ УУЛУҢДУ АЯБАСТАН, УШУЛ ИШТИ КЫЛГАНЫҢ ҮЧҮН ӨЗҮМ МЕНЕН АНТ БЕРЕМ, – ДЕЙТ ТЕҢИР. ЭМИ МЕН СЕНИ АЛКАГАНДАН АЛКАЙМ, СЕНИН ТУКУМУҢДУ АСМАНДАГЫ ЖЫЛДЫЗДАРДАЙ, ДЕҢИЗ ЖЭЭГИНДЕГИ КУМДАЙ КӨБӨЙТКӨНДӨН КӨБӨЙТӨМ.”
“СЕНИН ТУКУМУҢ ӨЗ ДУШМАНДАРЫНЫН ШААРЛАРЫН ЭЭЛЕП АЛАТ. МЕНИН ТИЛИМДИ АЛГАНЫҢ ҮЧҮН, СЕНИН ТУКУМУҢ АРКЫЛУУ БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН ЭЛДЕРИ БАТА АЛЫШАТ.”

АНАН ЫБРАЙЫМ МАЛАЙ БАЛДАРЫНА КАЙТЫП КЕЛИП, АЛАР МЕНЕН БИРГЕ БЕЙЕР-ШЕБАДА ЖАШАП ТУРДУ.

"THE BIBLE EXPLAINED IN EVERY LANGUAGE."

SUPERBIBLE.TV